УДК 81-362=581

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН АТ АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮН КЫТАЙ ТИЛИНИН АТ АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМҮНӨ САЛЫШТЫРЫП ОКУТУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН АНАЛИЗДӨӨ
АНАЛИЗ ВОЗМОЖНОСТИ СРАВНИТЕЛЬНОГО ОБУЧЕНИЯ МЕСТОИМЕНИЯ КАК ЧАСТЬ РЕЧИ В КЫРГЫЗКОМ И КИТАЙСКОМ ЯЗЫКЕ
ANALYZING COMPARATIVE TEACHING OPPORTUNITIES OF PRONOUNS IN KYRGYZ LANGUAGE AND CHINESE

Мамытова М.К. – магистр, ЖАМУ
Эшназаров А.Б. – магистр, СПУ КЭР

Аннотация: *Берилген макалада кыргыз тилинин ат атооч сөз түркүмүн кытай тилинин ат атооч сөз түркүмүнө салыштырып окутуу жөнүндөгү маалыматтар камтылган.*

Аннотация: *Использованы сопоставлении и применении грамматических правил в кыргызском и китайском языках местоимении, это поможет обучению учащихся.*

Annotation: *Used in the comparison and application of the rules of grammar in the Kyrgyz and Chinese pronouns, it will help students learn.*

Ачкыч сөздөр: *Фразеология, морфология, синтаксис, сөз түркүмү, ат атооч, салыштырма грамматика.*

Ключевые слова: *Фразеология, морфология, синтаксис, часть речи, местоимение, сопостовательная грамматика.*

Key words: *phraseology, morphology, syntax, word class, pronoun, comparison grammar.*

Дүйнөдө саналып жаткан ар бир тил бири-биринен сөз курамы, фразеологиялык өз ара тутумдашуу ыктары, сөз айкашы менен сүйлөм түзүлүш үлгүлөрү аркылуу айырмаланып турушат. Бул ар бир тил өзүнө тиешелүү грамматикалык өзгөчөлүккө ээ дегенди түшүндүрөт. Ал эми грамматикалык түзүлүштүн мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү анын негизин түзүүчү бөлүмдөрү: морфология менен синтаксиске байланыштуу. Сөздөрдүн грамматикалык мааниси менен формасын калыптандыруучу сөз түркүмдөрү тил илимин окутууда эң негизги маселе болуп саналат. Сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн пайдалануу менен эки тилди салыштырып окутуу көп ыңгайлуу шарттарды түзөт. Мисалы: Кыргыз тилинин ат атооч сөз түркүмү жөнүндөгү грамматикалык эрежелерди пайдалануу менен чет тилин үйрөнүп жаткан студенттерге, үйрөтүлүп жаткан чет тилинин грамматикалык маанисин ачып берүүгө болот.

Берилген макалада кыргыз тилинин ат атооч түшүнүгүнүн эрежелерин пайдалануу менен кытай тилинин ат атооч сөз түркүмүнүн салыштырмалуу шарттары каралды. Кытай тилинин ат атооч (代词 dàicí) сөз түркүмү, кыргыз тилинин ат атооч сөз түркүмү сыяктуу эле зат, сын, сан атоочтордун ордуна колдонулуп жана алардын белгилерин атабастан, жалпылап көрсөтүүчү сөздөр аталат. Эки тилде бирдей ат атоочтор – өз алдынча толук мааниге ээ болгон сөз түркүм. Салыштырмалуу түшүнүктө эки тилдин ат атооч сөздөрүн тизмектеп көрсөк: *мен* (我), *сен* (你), *ал* (他, 她, 它), *биз* (我们), *силер* (你们), *алар* (他们), *бул* (这是), *тигил* (那是), *ким* (谁), *эмне* (什么), *ар бир* (每个) ж.б.[2;4;5]

Кыргыз тилиндеги ат атооч сөздөр, берилген маанилерине карата төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт: Жактама ат атооч, шилтеме ат атооч, сурама ат атооч, аныктама ат атооч, белгисиз ат атооч жана таңгыч ат атооч. 代词中有人称代词、指示代词、疑问代词、确定代词、不定代词、否定代词、指已代词、物主代词、泛指代词。[2;4;5]

Кыргыз тилинин грамматикасында ат атоочтор зат атооч сөз түркүмү сыяктуу жөндөлүүсүнүн татаал жана жөнөкөй түрлөрү болот. Ал эми кытай тилинин грамматикасында мындай жөндөлүү жок. Себеби кытай тилинде сөздүн маанисин

өзгөртүүчү мүчө түшүнүгү болбогондуктан, сөз түркүмдөрү кыргыз тилиндеги алты жөндөмө сыяктуу жөндөлбөйт. Алардын ордун сүйлөм маанисине карай туура келген жардамчы сөздөр же кызматчы сөздөр аткарышат. Кээ бир учурларда сүйлөм структурасын бузбастан пайдалануучу конструкциялар көмөктөшөт. [2;3;4]

1. Затты үч жактын бирине таандык кылып көрсөткөн ат атоочтор жактама ат атооч деп аталат. Мындай ат атоочтор кытай тилинде да кездешет. Жактама ат атоочторго 人称代词） кирген сөздөр ким? кимдер ? (shuí, shéi 谁？) деген суроого жооп берет. Кытай тилинде жактама ат атооч кыргыз тилиндегидей эле жекелик жана көптүк түрдө берилет. Кыргыз тилинде жекелик түрдөгү ат атоочко –лар мүчөсүн улоо менен ат атоочтун көптүк түрүн түзсөк, кытай тилинде берилген жекелик түрдөгү ат атоочторго -们(-men) бөлүкчөсүнүн уланып келүүсү менен жактама ат атоочтун көптүк түрү жасалат.[1;2;6]

Жактама ат атоочтун экинчи жагынын жекелик түрдөгү 你（nǐ）*сен* ат атоочунун сылык түрү *сиз*, ал эми көптүк түрдө *сиздер* деп берилет. Кытай тилинде 您 (nín) ат атоочтун экинчи жагынын сылык түрү болуп эсептелет жана өз ар мамиле түзүүдө салыштырмалуу жаш курагы улууларга же болбосо коомчулукта сыйлоо эрежелери катары пайдаланылат. Анын көптүк түрүн түзүүдө жогорку ат атоочтун көптүк түрдөгү эрежеси пайдаланылып -们 (-men) бөлүкчөсүн улоо менен түзүүгө болот. Мисалы: 您们 (nǐnmen) *сиздер*. [1;4;5]

Жактама ат атооч көбүнчө адамга карата колдонулат. үчүнчү жак кээде башка бир нерселерге карата да айтыла берет, кытай тилинин грамматикасында үчүнчү жак үчүн да бул эреже пайдаланылат. Төмөнкү таблицада кыргыз тилинин жактама ат атоочунун алты жөндөмөсүнүн негизинде жөндөлүүсү берилди. Кытай тилинин жактама ат атоочтору кыргыз тилдеги котормосу менен таблицанын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлдү. [5]

Кыргыз тилинин жактама ат атоочун, грамматикалык таблицанын негизинде кытай тилинин жактама ат атоочуна салыштырып карап көрүүгө болот.

人称代词格的变化见下表：

	单数				复数			
	I	II		III	I	II		III
所有格	我 мен	你 сен	您 сиз	他ал 她ал 它ал	我们 биз	你们 силер	您们 сиздер	他们 алар
方向格	менин	сенин	сиздин	анын	биздин	силердин	сиздердин	алардын
宾格	мага	сага	сизге	ага	бизге	силерге	сиздерге	аларга
位格	мени	сени	сизди	аны	бизди	силерди	сиздерди	аларды
从格	менден	сенден	сизден	андан	бизден	силерден	сиздерден	алардан

2. Жактама ат атоочтор （物主代词是在人称代词后面加上附加成分*–ныкы*构成）жалпы таандыктын *–ныкы* мүчөсүн кабыл алып: *меники* (我的)*, сеники*（你的）, *сиздики*（您的*, аныкы*（他的*, биздики*（我们的*, силердики*（你们的*, сиздердики*（您们的）, *алардыкы*（他们的）деген таандык ат атоочторду түзүшөт. Кытай тилинин грамматикасында жактама ат атоочтордон таандык ат атоочтун жасалуу эрежеси -的(-de) бөлүкчөсүнө байланыштуу болот б.а. жактама ат атоочтун жекелик жана көптүк түрлөрүнө -的 (-de) бөлүкчөсүн улоо менен жасалат. Таандык ат атоочтун сүйлөм ичинде келген түшүндүрмө же пайдалануу мааниси эки тилде бирдей, бирок кытай тилинин граммтикалык түшүндүрмөсүндө таандык ат атоочтор өзүнчө бир ат атоочтор тобу деп

эсептелет. Мисалы: *Менин*（我的 wǒde）*атамдын тарбиясы чоң мааниге* ээ. Мындагы - *Менин*（我的 wǒde）таандык ат атоочу сүйлөм тизмегинде эки тилде бирдей даражада каралган.[2;4;5]

3. Бир затка карата көрсөтүлө, жаңсоо иретинде айтылган ат атоочтор шилтеме ат атоочтор деп аталат. Алар: зат, сын атооч, тактоочтордун ордуна колдонулуп, алардын орун баскычтары болуп саналат. Шилтеме ат атоочторго *кайсы?*那个деген суроо берилип, *бул, ушул, ошол, тигил, тетигил, мына бул* ж.б. сөздөр кирет. Зат атоочтордун ордуна колдонулуучу шилтеме ат атоочтор адамдардын жана түрдүү нерселерди, кубулуштарды жаңсап, шилтеп көрсөтөт. Кытай тилинин грамматикасында да кандайдыр бир нече заттардын ичинен бир нерсени шилтеп көрсөтүү менен айтылган ат атоочторду шилтеме ат атоочтор деп атайбыз. Грамматикалык жактан маанилеш, функциялык жактан аткаруу даражасы бирдей болгон шилтеме ат атоочтор эки тилде бирдей түшүнүктү жаратат. Төмөнкү таблицадан эки тилдеги берилген шилтеме ат атоочтордун маанилештигин жана кыргыз тилинин жөндөмөсүндөгү жөндөлүүсүн анализдеп көрүүгө болот:
上述指示代词得多数是*булар*（这些）, *ушулар*（就这些）, *ошолор*（那些）, *тигилер*（稍远的那些是）, *тетигилер*（更远的那一些）.

指示代词格的变化见下表：

主格	这 Бул	就这个 ушул	那 ошол	那（稍远的） тигил	那（更远的） тетигил
所有格	Мунун	ушунун	ошонун	тигинин	тетигинин
方向格	Буга	ушуга	ошого	тигиге	тетигиге
宾格	Муну	ушуну	ошону	тигини	тетигини
位格	Мында	ушунда	ошондо	тигинде	тетигинде
从格	Мындан	ушундан	ошондон	тигинден	тетигинден

Негизинен кытай тилинде шилтеме ат атооч жандуу же жансыз зат атоочтун ордун жана абалын көрсөтөт. *«Бул »* же *«тигил»* деп көрсөтүлгөн ат атоочторго грамматикалык жактан кошумча уланып келүүчү 儿 (-er) бөлүкчөсү гана колдонулбастан, анын аналогу 里（-li ）да колдонулат. Мааниси жагынан экөө бирдей деңгээлде, бирок кээ бир учурда кандайдыр бир обьектинин, бөлмөнүн, шкафтын, кутучасын же башка бир нерсенин ичинде турганын аныктоодо 里（-li） толук маани бере алат. [2;3;5]

这是	Бул	这本书	Бул китеп
那是	Тигил	那本书	Тигил китеп
这儿	Бул жерде	你的书这儿	Сенин китебиң бул жерде
那儿	Тигил жерде	你的书那儿	Сенин китебиң тигил жерде
这位是	Бул (кесиптик)	这位是老师	Бул мугалим
那位是	Тигил (кесиптик)	那位是老师	Тигил мугалим
这里	Бул жерде	你的书这里	Сенин китебиң бул жерде
那里	Тигил жерде	他的书那里	Сенин китебиң тигил жерде
每个	Ар бир	每个孩子	Ар бир наристе

Көрсөтүлүп жаткан зат жалгыз же саноого мүмкүндүк берүүчү даражада болсо, зат атоочторго мүнөздүү, абалын так бере алуучу эсептик сөздөр量词[liàngcí] колдонулат. Эгерде берилген өлчөмү саноого мүмкүн болбосо анда чамалоо менен көптүк сандагы затарды аныктоочу 些 [xiē] эсептик сөзү пайдаланылат. Кыргыз тилинен айырмалануучу дагы бир түшүнүк 每 [měi] же 每个[měigè]*«ар бир, ар дайым»* деген маанини алып жүрүүчү шилтеме ат атоочтун болушу. Бул 每 [měi] , *«ар бир, ар дайым»* маанисине ээ бологн ат атооч, кыргыз тилинде аныктама ат атооч болуп эсептелет. Ал эми кытай тилинде төмөндө берилген мисалдар аркылуу туюнтууга болот, ал убакытты же затты шилтеп көрсөтүп жаткандыгы туралуу маалымат берилүүдө. Мисалы: 每年 [měi nián - ар жылы] , 每天 [měi tiān – ар күнү] шартты, же ар бир милдеттүү аткаруучуну 每个学生 [měi gè xué shēng] аныктап көрсөтөт. [2;4;5]

4. Кыргыз тилинде заттын санын, катар тартибин, сапатын, ордун, аты – жөнүн аныктап билүү үчүн суроо иретинде колдонулуучу сөздөр - сурама ат атоочтор деп аталат. Кыргыз тилинде колдонулуп келген сурама ат атооч сөздөрдүн кытай тилиндеги сурама ат атооч сөздөр менен окшош мааниге ээ. Семантика-грамматикалык жактан сурама ат атоочтор кыргыз тилинде төмөнкүдөй касиеттерге ээ. *Ким?* сурама ат атоочу адамдарга, *эмне?* сурама ат атоочу адамдардан башка заттарга карата колдонулуп, зат атооч сыяктуу эле грамматикалык белгилерге ээ, башкача айтканда, көптүктүн *–лар,* жөндөмө тааныдык мүчөлөрүн кабыл алат. Мисалы: үйдө *кимдер* бар? Кытай тилинин сурама ат атоочтун грамматикалык эрежеси боюнча алып карап көрсөк *ким?* жана *эмне?* сурама ат атоочтору, атайын суролуу сүйлөмдү түзүшөт да, көптүк мааниде берилбейт. Мисалы: 在家里有谁？Мында谁*кимдер?* түшүнүгүн алуу менен кыргыз тилиндеги көптүк маанини өзүнө камтыйт. Натыйжада кытай тилиндеги сурама ат атоочтордун көптүк түрдөгү формасы болбойт. [3;4;5]

5. Сурама ат атоочтор дайыма суроо иретинде айтылат да аларга: 吉尔吉斯语中的疑问代词*ким*谁адамдарга, *эмне*什么предмет же нерселерге, *кайсы* 哪一个, *кандай*什么样, 怎么样белгилерге, *качан*何时убакытка, *кайдан* 从何处*кайда*何处орунга, *канча*多少, *нече*几个санга, *эмне үчүн*为什么себепке колдонулат. Сурама ат атоочтор эки тилде бирдей формада суроо негизин түзгөнү менен кыргыз тилинде бир аз айырмачылыктар болот. Мисалы: *Ким, эмне*ат атоочтору суролуу сүйлөм болбостон, ой-пикирди билдирүү максатында колдонулушун эки учурга байланыштырып кароого болот. Мисалы: Досуңдун *ким* экендигин айтып берсең, сенин *ким* экендигиңди атып берем.Төмөндө келтирилген мисалдар кытай грамматикасынын негизинде сурама ат атоочтордон түзүлгөн атайын суроолордун үлгүлөрү:

他是**谁**？	Ал ***ким***?
您是**哪**国人？	Сиз ***кайсыл*** өлкөнүн жаранысыз?
今天天气**怎么样**？	Бүгүн аба ырайы ***кандай***?
您去**哪儿**？	Сиз ***кайда*** барасыз?

Кытай тилинде сурама ат атоочтор негизинен атайын суролуу сүйлөмдү түзүүдө колдонулат. Бирок дагы бир өзгөчөлүктөрү кыргыз тилиндеги сан атооч сөз түркүмүнө берилүүчү *канча* суролуу ат атоочу кытай тилинде эки формада берилип, пайдалануу кыргыз тилинин эрежесине окшошпойт. Сан өлчөмү ондуктан жогору болгон, саноого мүмкүн болбогон белгисиз сан атооч үчүн 多少, ал эми саноого мүмкүн болгон онго чейинки сан атооч үчүн 几пайдаланылат.

你们的大学有**多少**学生？	Силердин университетте ***канча*** окуучу бар?
你家有**几**口人？	Сенин үйүңдө ***канча*** адам бар?

6. Кыргыз тилинде аныктама ат атоочтор заттын жалпылыгын же жекелигин аныктоо үчүн колдонулат. Аларга ар ким, ар бир, баары, жалпы, бүткүл, бүтүн ат атоочтору кирет.确定代词通过在疑问代词前加*ар* （每）构成。Мисалы: *ар ким*（每一个人）, *ар нерсе*（每一件东西）, *ар кайсы*（无论是那个人）, *ар кандай*（无论是那样的）,

ар качан（无论何时）, *ар канча*（无论多少）, *ар кайда*（无论在哪里）. Кыргыз тилинде аныктама ат атооч маанисине карай үчкө бөлүнөт: жамдама (бүт, бүтүн, ар бир, бүткүл, баардык, баары), жиктеме (ар ким, ар нерсе, ар бир, ар кайсы, ар кандай) жана өздүк (өз, өзүм, өзүң ж.б.) ат атоочтор. Жамдама ат атоочтор бир өңчөй заттарды бир топко бириктирип, жалпылап көрсөтөт. [1;2;5]

Мисалы: Манаска жолдош кырк баатыр

Баары (都、全、大家) мылтык октоду.

Баары милте чоттоду. (Манас эпосу)

Берилген сүйлөм ичиндеги *"Баары"* жандама ат атооч кытай тилинде 都、全、大家болуп берилет да кыргыз тилинин граммтикасына салыштырмалуу таатаалданып кетет. Экинчи аныктама ат атоочтун жиктеме ат атоочтор бөлүгүндөгү сөздөр аналитикалык жол менен эки сөздүн кошулушунан жасалат. Биринчи компонентин фарс тилинен өздөштүрүлгөн *ар "هر"* ат атоочу түзсө, экинчи компонентин *ким, кайсы, кандай* деген сурама ат атоочтор түзүшөт.Жиктеме ат атооч бир топко же бир бүтүндүккө кирген заттарды ажыратып, бөлүп, алардын ичинен бирөөнү же ар бирин өз-өзүнчө жиктеп көрсөтөт. Жок, Эдигей... кетип калыш эрдик эмес. *Ар ким* кете алат. Бирок *ар ким* өзүн жеңе албайт. (Ч. Айтматов). Мында *ар ким* 每一个人 түшүнүгү менен берилди.

7.Акыркы аныктама ат атоочтун бөлүгү, өздүк ат атоочтор. Алардын сөздүк куралуусу *өз* ат атоочу жана анын таандык мүчө уланган төмөнкү формалары кирет: *өзүм* (我自己), *өзүң* (你自己),*өзүңүз* (您自己), *өзү* (他自己), *өзүбүз* (我们自己), *өзүңөр* (他们自己), *өзүңүздөр* (您们自己), *өздөрү* (他们自己). Өз ат атоочу жакты же затты башка бир жактан же заттан бөлүп, же болбосо башка бир жакка же затка таандык кылып көрсөтөт. Кытай тилинде өздүк ат атооч 自己 [ziji] «өзүм, өзүмө» деген маанини алып жүрүүчү өздүк ат атооч жардамында куралып, кыргыз тилинин грамматикалык эрежесинен айырмалануучу жагдайы сүйлөм ичинде зат атоочко уланып *өздүк* маанини бере алуусунда. Кыргыз жана кытай тилиндеги аныктама ат атоочтун өздүк ат атоочунун сүйлөм тизмегиндеги окшоштук жана айырмачылыктарын анализдеп көрсөк. Мисалы: (*кыргыз тилиндеги абалы*) Тилекке каршы, өз элинин ичинде эле... *өзүн өзү* танган күчтөр жок эмес. Алар *өздөрүн өздөрү* сатышат. (Ч.Айтматов). (*кытай тилинде кыргыз тилинен айырмаланып өздүк ат атооч экинчи абалда зат атоочко уланып келүүдө*) Тилекке今天早上他自己来了. Бүгүн эрте менен *ал өзү* келди. 在农村爷爷自己干活. Кыштакта *чоң атам өзү* тиричилигин өткөрүүдө. [2;3;5]

8. Белгисиз ат атоочтор заттын, кубулуштун, окуянын же алардын сан-сапаттык, оорун-мезгилдик белгилеринин белгисиз экендигин көрсөтүүчү ат атоочтор эсептелет. 不定代词可由疑问代词前加 алда（不论）、бир（一）构成, 也可在其后加上表示不定意义的附加成分 –дыр, -дир 构成. Белгисиз ат атоочторго: *алда ким* (无论是谁、某一个人), *алда эмне алда неме*(无论是什么), *алда канча* (很久以前), *алда кайда* (不论在哪里), *бир нече* (好几个), *бир канча* (某个人), *кандайдыр* (在某一个地方), *бир*有时也加在疑问代词之后、也构成不定代词. *кайсы бир* (某个), *кээ бир* (某些、个别人). Булардын тутумундагы эки сөздүн бирөө сурама атооч же сурама ат атоочтун негизинде *–дыр* мүчөсү уланган туунду негизинде болуп, экинчи сөз *бир* сан атоочу, *алда* жана *нерсе* деген сөздөр болот. Мисалы: 某个人来参加他们的订婚。***Бир канча*** адам алардын үйлөнүү-үлпөт тоюуна келип катышышты. Грамматикалык эрежелер эки тилде өз маанилерин бирдей сакташат.[2;3;4;5]

9. Тангыч ат атоочтор заттын же анын сын-сыпаттык, оорун-мезгилдик, багыттык белгилеринин жок экендигин, танылгандыгынкөрсөтүүчү ат атооч сөздөр болуп эсептелет. Тангыч ат атоочторго төмөнкү сөздөр кирет: 否定代词通过在疑问代词后加*эч*（任何、无论）构成. *эч ким* 谁也（不……）, *эч неме* 、*эчтеме*什么也（不……）, *эч кайсы* 哪一个也（不……）, *эч кандай* 什么样的也（不……）, *эч качан*怎么多的也（不……）ж.б. белгисиз ат атоочтор эки сөздөн турат да , алардын биринчи компоненти

эч, экинчи компоненти *ким, кандай, качан, кайда* деген катыштык маанидеги сурама ат атооч, *нерсе* деген сөз, *теме* деген элемент жана *бир* сан атоочтон куралат.

М: Бирок *эч ким* биздин каалганы чертпеди ... (К.Бобулов). Тилдердин грамматикасын салыштырып окутуу, окуу процессинде эң жакшы шарт экендиги көрсөтүлүүдө. [1;4;5]

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. 弗。库尔久莫夫。汉语理论语法教程。莫斯科。«CITADEL-TRADE» «LADA» 2005年。
2. Именалиев С., Үсөналиев С. Кыргыз тилинин справочниги. «Мектеп» басмасы. Фрунзе 1979 ж.
3. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. Морфология. Бишкек. 1997.
4. Давлетов С., Мукабаев Дж., Турусбеков С. Кыргыз тилинин грамматикасы. «Мектеп» басмасы 1978ж.
5. 胡振华、中亚五国志。中亚五国主体民族的语言文字。吉尔吉斯族的语言文字。中央民族大学出版社。北京。2006年